МААЛЫМ КАТ

Республикалык конкурс

« СОВЕТТИККЫРГЫЗСТАН — АРАЛЫКТАН КӨЗ ЧАПТЫРСАК

Конкурс Кыргыз АССРинин түзүлгөндүгүнүн 100 жылдыгына жана Кыргыз ССРинин түзүлгөндүгүнүн 90 жылдыгына арналат.

Урматтуу мекендештер!

Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Тарых жана чөлкөм таануу институтунун алдындагы Илимий-изилдөөчүлүк, санариптик жана музей-билим берүүчүлүк борбору Сиздерди «Советтик мекенибиз: Советтик Кыргызстан — аралыктан көз чаптырсак» аттуу республикалык конкурска катышууга чакырат.

Конкурстун максаты — Кыргызстандын тарыхындагы советтик мезгилди изилдөөгө болгон илимий, чыгармачылык жана коомдук кызыгууну колдоо, тарыхый эс тутумду сактоо, жаштардын изилдөөчүлүк активдүүлүгүн өнүктүрүү жана объективдүү тарыхый билимди жайылтуу.

Конкурстун номинациялары

Республикалык конкурстун алкагында төмөнкү номинациялар боюнча иштер кабыл алынат:

1. **«Советтик Кыргызстандын адам тагдырларындагы орду» — мыкты эссе.**
2. **«Советтик Кыргызстан: тарыхый тажрыйба, модернизация жана коомдук өнүгүү» — мыкты илимий макала.**
3. **«Эрдиктин жана даңктын эстеликтери: Кыргызстандагы Улуу Жеңиштин элеси» — мыкты видеоролик.**

Негизги тематикалык багыттар

- Советтик Кыргызстандын калыптануу жана өнүгүү тарыхы;
- мамлекеттик курулуш жана социалдык-экономикалык өзгөрүүлөр;
- индустриялаштыруу жана айыл чарбасын өнүктүрүү;
- билим берүү, илим, маданият жана саламаттык сактоо;
- Улуу Ата Мекендик согуш жана кыргызстандыктардын Жеңишке кошкон салымы;
- улуттар аралык мамилелер жана коомдук турмуш;
- советтик доордун тарыхый эс тутуму.

Конкурстун катышуучулары

Конкурска 18 жаштан 35 жаштагы жаштар, билиминен, кесибинен жана ишмердүүлүк чөйрөсүнөн көз карандысыз, анын ичинде төмөнкү категориядагы катышуучулар чакырылат:

• жаш изилдөөчүлөр жана окутуучулар;

• студенттер, магистранттар жана аспиранттар;

• тарыхчылар, архивчилер жана журналисттер;

• илимий, чыгармачыл жана коомдук интеллигенциянын өкүлдөрү;

• конкурстун темасына кызыккан башка жаштар.

Өткөрүү мөөнөттөрү

Конкурс 2026-жылдын май айынан декабрь айына чейин өткөрүлөт. Конкурстук материалдарды тапшыруунун акыркы мөөнөтү — 2026-жылдын 25-ноябры, кошо эсептегенде.

Жыйынтыктарды чыгаруу жана сыйлоо

Республикалык конкурстун жеңүүчүлөрүнүн жана байге ээлеринин ысымдары 2026-жылдын 30-ноябрында жарыяланат.

Жеңүүчүлөрдү жана байге ээлерин салтанаттуу сыйлоо аземи 2026-жылдын 5-декабрында өткөрүлүп, Кыргыз АССРинин Кыргыз ССРине кайра түзүлгөндүгүнүн 90 жылдыгына (1936-жылдын 5-декабры) арналат.

Сыйлоо:

Конкурстун жыйынтыгы боюнча ар бир номинацияда **I, II жана III орундар** ыйгарылат.

Конкурстун жеңүүчүлөрү жана байге ээлери уюштуруучулар жана өнөктөштөр тарабынан дипломдор, эстелик белектер, сыйлыктар, ошондой эле башка түрдөгү сыйлоо жана колдоо формалары менен сыйланышат.

Байланыш маалыматтары

Конкурстун уюштуруучусу: Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Тарых жана чөлкөм таануу институтунун алдындагы Илимий-изилдөөчүлүк, санариптик жана музей-билим берүү борбору.

Борбордун жетекчиси: Батырбаева Шайыркул Жолдошевна.

Конкурстун координатору: Эралиев Салайдин Нуралиевич, Борбордун жетектөөчү илимий кызматкери.

Электрондук почта: sovettikkyrgyzstan.konkurs@gmail.com

Телефондор: +996 700 093 048, +996 707 21 52 58